ДОЛБООР

# Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин аймактык бөлүмдөрү тарабынан үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга кызматтарды жана жардамдарды көрсөтүүнүн

# минималдык стандарттары

## Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин аймактык бөлүмдөрү (мындан ары - ЭСКМБ) тарабынан үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга, анын ичинде балдарга, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга жана улгайган адамдарга көрсөтүлүүчү ушул үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана социалдык коргоо чөйрөсүндөгү социалдык кызматтарды жана жардамдарды көрсөтүүнүн минималдык социалдык стандарттары (мындан ары – социалдык стандарттар) Кыргыз Республикасынын Конституциясына, Кыргыз Республикасынын «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө», «Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө», «Мамлекет кепилдеген минималдуу социалдык стандарттар жөнүндө», «Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө», «Кыргыз Республикасындагы улгайган жарандар жөнүндө» мыйзамдарга ылайык иштелип чыкты.

2. Ушул социалдык стандарттарда Мыйзамдарда келтирилген терминдер колдонулат, алар1-пунктта белгиленип өттү.

3. Ушул социалдык стандарттар үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан төмөнкү жарандарга (мындан ары – кызмат көрсөтүүлөрдү алуучу) социалдык кызматтарды жана жардамдарды көрсөтүүнүн тартибин аныктайт.

1) үй-бүлө мүчөлөрүнө;

2) бирге жашаган фактыга карабастан үй-бүлө мүчөлөрүнө теңештирилген адамдарга.

4. Минималдык социалдык кызматтар жана жардамдар кызматтарды алуучуларга үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан аялдар менен балдар үчүн консультациялык-профилактикалык борборлордун (мындан ары – кризистик борборлор) аймагында иш алып барган социалдык тейлөө уюмдары жана мекемелеринин милдеттүү минималдык тутуму аркылуу көрсөтүлөт. Бул кызматтар кызматташтык жөнүндө келишимдери бар же мамлекеттик социалдык буйрутманын аткаруучулары болуп саналган уюмдар тарабынан көрсөтүлөт.

5. Социалдык кызматтарды жана жардамдарды көрсөтүү төмөнкү принциптерге негизделген:

1) даректүүлүк;

2) ыктыярдуулук, бул балдарга жана аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдарга жайылтылбайт;

3) көрсөтүлүүчү кызматтардын комплекстүүлүгү, толук кандуулугу жана өз убагында берилүүсү, кызматтарды көрсөтүүдө басмырлоого жол бербөө, адамдын кадыр-баркын сыйлоо, ачыктык жана социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгү.

4) оор турмуштук кырдаалда калган балдарга, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жарандарга социалдык кызматтарды көрсөтүүнүн артыкчылыктуулугу;

5) алдын алууга багытталуучулук;

6) купуялуулук;

7) кош бойлуу жана эмизген аялдардын, ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жарандардын, балдардын, аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдардын, улгайган адамдардын, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын өзгөчө муктаждыктарын жана кызыкчылыктарын кыйла толук түрдө эсепке алуу;

8) өзүнө өзү жардам берүүгө шыктандыруу.

6. ЭСКМБ тарабынан жеке инсандын кол тийбестиги жана кызматтарды алуучулардын коопсуздугу камсыз кылынат, ошондой эле жагымдуу моралдык-психологиялык климат түзүлөт.

7. Кызматтарды алуучуларга жана алардын мыйзамдуу өкүлдөрүнө көрсөтүлүүчү социалдык кызматтардын көлөмү жана түрлөрү жөнүндө толук маалымат берилет.

## Маалыматтарды алуу, үй-бүлөлүк зомбулукту аныктоо, жардам алуу үчүн кайрылган адамдарды каттоо жана маалымдоо тартиби

8. ЭСКМБдин кызматкерлери тарабынан үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарды аныктоо үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субъекттеринен: жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынан, аймактык мамлекеттик органдардан, жарандардан, башка органдардан жана уюмдардан алынган маалыматтардын негизинде жүзөгө ашырылат.

9. Үй-бүлөлүк зомбулук жасалгандыгы жөнүндө билдирүү/арыз жана/же кызматтарды алуучуларга социалдык жардам көрсөтүү жөнүндө арыз ЭСКМБна жекече түрдө же телефон аркылуу кайрылган учурда кабыл алынат:

1) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдан;

2) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан баланын мыйзамдуу өкүлүнөн;

3) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашырган субъекттин кайрылуусунун/багыттамасынын негизинде;

4) башка органдардын, уюмдардын жана кризистик борборлордун кайрылууларынын/билдирүүлөрүнүн негизинде;

5) ыкчам байланышуу кызматтарына келип түшкөн маалыматтар боюнча:

- «102» - Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Коомдук тартип кызматы;

- «103» - Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин медициналык тез жардам кызматы;

- «111» - Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин «Балдар үчүн ишеним телефону» Борбору мамлекеттик мекемеси;

- «112» - Бирдиктүү түз байланыш түйүнү»;

- «114» - Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин алдындагы Юридикалык жардам кызматы;

- «115» - Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын аппараты, жалпыга маалымдоо каражаттарынан алынган маалыматтар боюнча;

- «117» - ЭСКМБ маалыматтык-сурамжылоо кызматы.

10. Үй-бүлөлүк зомбулук жана/же социалдык кызматтарды жана жардамдарды алуу жөнүндө жазуу жүзүндө же телефон аркылуу алынган билдирүүлөр/арыздар, 1-тиркемеге ылайык үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча жарандардын кайрылууларын эсепке алуу журналына катталат. Үй-бүлөлүк зомбулук боюнча маалымат берген жарандар жөнүндө маалыматтар купуялуулукта сакталат.

11. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар аныкталганда жана/же үй-бүлөлүк зомбулук жасалгандыгы жөнүндө маалыматты алганда ЭСКМБнын кызматкери:

1) үй-бүлөлүк зомбулук жасалгандыгы фактылары аныкталганда жана/же маалымат келип түшкөндө 2-тиркемедеги формага ылайык аймактык ички иштер органына кабарлайт (жыйырма төрт сааттын ичинде);

2) ички иштер органдары тарабынан түзүлгөн тобокелчиликтерге баа берүү протоколуна ылайык зомбулук тобокелчилиги жогору болгон учурда, кызматтарды алуучуларды токтоосуз түрдө коопсуз жайга жайгаштырууга ички иштер органдарына милдеттүү түрдө көмөктөшөт;

3) телефон аркылуу кайрылган адамды социалдык кызматтарды жана жардамдарды алуу үчүн түз кайрылууга шыктандырат;

4) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарды сактоону жана коргоону ишке ашырган башка субъекттер жөнүндө маалымат берет;

5) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын макулдугу менен социалдык кызматтарды жана жардамдарды көрсөтөт. Балдардан жана сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдардан кызмат көрсөтүү үчүн макулдук талап кылынбайт.

12. ЭСКМБнын кызматкери ички иштер органдарынан балдарга, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарга жана сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдарга карата үй-бүлөлүк зомбулук жасалгандыгы жөнүндө маалымат келип түшкөндө, алардын мыйзамдуу өкүлдөрү жок болгон учурда убактылуу коргоо ордерин алуу үчүн үй-бүлөлүк зомбулук жасалган жерге барууну жүзөгө ашырат.

## 3. Социалдык кызматтарды жана жардамдарды көрсөтүү боюнча арыздарды кабыл алуунун тартиби

13. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан Кыргыз Республикасынын жарандары, чет жердик жарандар, жарандыгы жок адамдар ЭСКМБна жашаган дареги боюнча социалдык кызматтарды жана жардамдарды алуу жөнүндө арыз менен кайрыла алышат.

14. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам же анын мыйзамдуу өкүлү ЭСКМБна социалдык кызматтарды жана жардамдарды алуу үчүн кийинки документтерди өткөрөт (алар бар болгон учурда):

- өздүгүн тастыктаган документ;
- убактылуу коргоо ордери, соттун чечими же үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субъекти берген багыттама;
- ички иштер органдары тарабынан берилген кылмыш жөнүндө арызды же билдирүүнү кабыл алуу жана каттоо жөнүндө талон-кабарлама;
- бекитилген үлгүдөгү зомбулук окуяларын медициналык документтештирүүнүн толтурулган формасы (№003-3/у форма).
- медициналык картасынан тастыктама же анын көчүрмөсү.

## 4. Кызматтарды алуучуларды сурамжылоо

15. ЭСКМБнын кызматкери жабыр тарткан адамдан социалдык кызматтарды жана жардамдарды көрсөтүү жөнүндө арызды алгандан кийин:

1) жабыр тарткан адамга же анын мыйзамдуу өкүлүнө биринчи сурамжылоону жүргүзөт. Сурамжылоону жүргүзүүдө 3-тиркемеде келтирилген сунуштамалар колдонулат;

2) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын социалдык кызматтарды жана жардамдарды алууга карата муктаждыктарын аныктайт;

16. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам социалдык кызматтарды жана жардамдарды алууга макулдугун берген учурда ЭСКМБнын кызматкери Атайын жардам берүү программасын иштеп чыгат (мындан ары - АЖП).

17. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамга сурамжылоо жүргүзүүдө ЭСКМБ кызматкери:

1) жабыр тарткан адамды кайрадан виктимизациялоого жол бербейт, сылык, урматтоо, тилектештик жана сезимталдык менен мамиле жасайт;

2) зомбулук үчүн үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам гана жоопкерчиликтүү экенин түшүндүрөт;

3) жабыр тарткан адамга анын укуктары жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоого жана коргоого алуу чаралары жөнүндө маалымат берет;

4) чыдамкайлык көрсөтөт, активдүү угуу техникасын колдонот;

5) үй-бүлө мүчөлөрүнүн, балдардын же үчүнчү тараптардын катышуусунда зомбулук жөнүндө суроолорду бербейт;

6) балдарды жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарды жана сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдарды суракка алуунун өзгөчөлүктөрүн эске алат;

7) этибарсыз мамиледен жабыр таркан үй-бүлө мүчөлөрүнө (балдар, улгайган адамдар, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар, багуудагы башка адамдар) зарылчылыкка жараша токтоосуз түрдө медициналык жардам алууга көмөктөшөт.

18. Балага карата үй-бүлөлүк зомбулук учурунда:

1) баланын жана үй-бүлөнүн жашаган (турган) дарегине барат жана оор турмуштук кырдаалда калган балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоо боюнча мыйзамдарда бекитилген тартипке ылайык, үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан баланы социалдык коштоону андан ары уюштуруу үчүн чараларды көрөт;

2) эмгек мигранттарынын үй-бүлөлөрүндөгү балдардын үстүнөн өзгөчө көзөмөл жүргүзөт (үй-бүлөнүн материалдык абалынан көз карандысыз түрдө);

3) камкорчуну/көзөмөлчүнү расмий түрдө тариздебестен, туугандары жана башка адамдар менен жашап жатышкан балдарды жайгаштыруу боюнча тиешелүү чараларды кабыл алат;

4) иликтөө учурунда жана соттук инстанцияларда балдардын кызыкчылыктарына мыйзамдарга ылайык өкүлчүлүктүк кылат.

## 5. Социалдык кызматтарды алуучулардын муктаждыктарын аныктоо, атайын жардам көрсөтүү программасын иштеп чыгуу жана аткаруу

19. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын муктаждыктарын аныктоо сылык аңгемелешүү формасында ишке ашырылат, ага ылайык аныкталат:

- социалдык-тиричиликтик көйгөйлөр жана муктаждыктар;
- социалдык-укуктук көйгөйлөр жана муктаждыктар;
- социалдык-психологиялык көйгөйлөр жана муктаждыктар;
- социалдык-медициналык көйгөйлөр жана муктаждыктар;
- социалдык-окутуучулук көйгөйлөр жана муктаждыктар;
- социалдык-эмгектик көйгөйлөр жана муктаждыктар.

20. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарды сурамжылоо ЭСКМБнын кызматкери тарабынан Типтүү анкетанын негизинде (4-тиркеме) жүргүзүлөт.

21. Кызматтарды жана жардамдарды алуу үчүн арыздар бар болгон учурда (5-тиркемеге ылайык форма боюнча), ЭСКМБнын кызматкери кызматтарды алуучулардын аныкталган муктаждыктарынын негизинде, ушул социалдык стандарттардын 6-тиркемесине ылайык форма боюнча АЖП (атайын жардам көрсөтүү программасын) иштеп чыгат.

22. АЖПсын ишке ашырууда ЭСКМБнын кызматкери ички иштер органдары, билим берүү уюмдары, саламаттыкты сактоо уюмдары, үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча жергиликтүү комитеттер, кризистик борборлор жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоонун жана

коргоонун башка субьекттери менен консультацияларды, жазуу жүзүндөгү маалыматтарды алуу жана жолугушууларды уюштуруу аркылуу өз ара аракеттенет.

23. ЭСКМБнын кызматкери АЖПнын иш-чараларын аткаруу боюнча ишти координациялайт жана алардын аткарылуусуна көзөмөлдөөнү жүргүзөт (мониторинг), анын жыйынтыктары АЖПнын формасынын тиешелүү бөлүмүндө чагылдырылат.

24. Зарылчылыкка жараша кызмат көрсөтүүлөрдү алуучунун макулдугу менен ЭСКМБнын кызматкери АЖПна түзөтүү киргизет.

25. Социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү алуу үчүн арыз, муктаждыктарды аныктоо жөнүндө анкета, АЖП жана кызмат көрсөтүүлөрдү алуучунун башка документтери өзүнчө папкага тиркелет жана ЭСКМБнын кызматкеринде сакталат.

## 6.Минималдык социалдык кызматтардын жана жардамдардын түрлөрү

26. Ушул минималдуу социалдык стандарттар үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга төмөнкүдөй түрдөгү социалдык кызматтарды жана жардамдарды көрсөтүүнү караштырат:

- консультациялык жардам;
- социалдык-тиричиликтик кызматтар;
- социалдык-укуктук кызматтар;
- социалдык-психологиялык кызматтар;
- социалдык-эмгектик кызматтар;
- психологиялык-окутуучулук кызматтар;
- социалдык-медициналык кызматтар;
- материалдык жардам;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү маалыматтык жана агартуучулук ишмердүүлүк.

### Консультациялык жардам

27. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга алардын үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоого жана коргоого карата укуктары жөнүндө консультациялар берилет (7-тиркемеге ылайык):

- мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону өз компетенцияларынын чектеринде ишке ашырган башка субъекттерден кечиктирилгис укуктук, социалдык, медициналык, психологиялык жардам алууга;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашырган субъекттер тарабынан алардын өз компетенцияларынын чектеринде коргоо алууга жана коопсуздугун камсыз кылууга ээ болууга;

- убактылуу коргоо ордерин алууга;

- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам менен иш алып барууда үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону ишке ашырган субъекттерге белгилүү болгон жеке мүнөздөгү маалыматтардын купуялуулугуна;

- мүмкүнчүлүк бар болгондо жардам көрсөтүүчү адисти тандоого;

- мүмкүнчүлүк бар болгондо мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө мыйзамга ылайык мамлекет кепилдеген консультациялык-укуктук жана квалификациялуу юридикалык жардам алууга;

- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар менен иштөөдө үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттерге белгилүү болуп калган жеке мүнөздөгү маалыматтын купуялуулугуна (укук балдарга жана аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдарга жайылтылбайт);

- зомбулукту, кыйноолорду жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же адамдын кадыр-баркын басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн медициналык документтештирүү Эрежелерине ылайык 003-3у формасы боюнча медициналык кароо жүргүзүү жана зомбулуктун издерин документтештирүү мүмкүнчүлүгүнө[1];

- үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иштер боюнча жана үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга карата мүмкүн болуучу талаптар менен сотко кайрылуу укугуна.

## 8. Социалдык-тиричиликтик кызматтар

28. Социалдык-тиричиликтик кызматтар консультациялык-алдын алуучу (кризистик) борбор аркылуу алардын жеке менчигинин формасынан көз карандысыз түрдө кызматтарды алуучуну багыттоо аркылуу көрсөтүлөт. Кызматтарды алуучуну багыттоо арыз берүүчүгө 8-тиркемеге ылайык форма боюнча багыттоо жөнүндө бланкын берүү аркылуу ишке ашырылат.

29. Консультациялык-алдын алуучу борборлордо социалдык-тиричиликтик кызматтарды көрсөтүүнүн көлөмү жана шарттары, гендердик зомбулуктан жабыр тарткан аялдар үчүн консультациялык-алдын алуучу/кризистик борборлордогу алардын ички жоболоруна киргизилген социалдык кызматтарды көрсөтүүнүн комплекстүү Стандарттарына ылайык көрсөтүлөт.

30. Ден соолук мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарга, анын ичинде балдарга карата социалдык-тиричиликтик кызматтар жарым-жартылай стационардык уюмдарда жана социалдык тейлөө мекемелеринде көрсөтүлүүчү социалдык кызматтардын мамлекеттик минималдуу социалдык стандарттарына ылайык көрсөтүлөт.

---

[1] Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Токтому менен бекитилген, 13-сентябрь, 2024-жыл, № 562.

## 9.Социалдык-укуктук кызматтар

31. Социалдык-укуктук кызматтар:

- кызматтарды алуучулардын биринчи кезектеги социалдык жана жашоодогу маанилүү башка көйгөйлөрүн чечүү үчүн зарыл документтерин тариздөөгө жардам көрсөтүү, батирди менчиктештирүү жана үчүнчү тараптардын кызыкчылыктарына тиешелүү документтерди тариздөөнү кошпогондо;

- жабыр тарткан адамдардын жана алардын балдарынын документтерин калыбына келтирүү боюнча консультацияларды жана жардамдарды берүү.

32. Кызматтарды алуучулар социалдык-укуктук кызматтардан алуу үчүн арыз берүүчүгө 8-тиркемеге ылайык форма боюнча багыттоо жөнүндө бланкын берүү аркылуу, юридикалык жардам кызматтарына же жеке менчигинин формасынан көз карандысыз түрдө консультациялык-алдын алуучу (кризистик) борборлорго жиберилүүсү мүмкүн.

## 10. Социалдык-психологиялык кызматтар

33. Социалдык-психологиялык кызматтар «111 балдар үчүн ишеним телефону», консультациялык-алдын алуучу (кризистик) борборлор, ошондой эле ЭСКМБнын кызматкери тарабынан көрсөтүлөт.

34. Социалдык-психологиялык кызматтар аңгемелешүүнү, сүйлөшүүнү, угууну, дем берүүнү, активдүүлүккө шыктандырууну, психологиялык колдоо көрсөтүүнү камтыйт жана кызматтарды алуучуларды өз ыйгарым укуктарынын чектеринде кесипкөй психологиялык жардам көрсөтүүчү уюмдарга кайрылууга шыктандырат.

35. Кызматтарды алуучуну психологиялык жардам алуу үчүн багыттоо арыз берүүчүгө 8-тиркемеге ылайык форма боюнча багыттоо жөнүндө бланкын берүү аркылуу ишке ашырылат.

## 11.Социалдык-эмгектик кызматтар

36. Социалдык-эмгектик кызматтар кызматтарды алуучулар менен биргеликте аныкталган максаттарга ылайык көрсөтүлөт жана алар АЖПда камтылат.

37. Социалдык-эмгектик кызматтар жумушка орношууга (иш менен камсыз кылуу кызматы же Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борбору) жана/же даярдоого (кайра даярдоого), суроо-талап жогору болгон

адистиктер боюнча квалификацияны жогорулатууга («Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду» аркылуу) көмөктөшүү түрүндө көрсөтүлөт.

## 12. Психологиялык-окутуучулук жардам

38. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан балдарга психологиялык-окутуучулук жардам үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан балдарга жардам көрсөтүүнүн минималдык социалдык стандарттарына жана оор турмуштук кырдаалда калган балдарды жана үй-бүлөлөрдү аныктоонун тартибине ылайык көрсөтүлөт жана үй-бүлө менен АЖПнын планына жана/же Баланы коргоо боюнча жекече планга киргизилет.

39. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарга социалдык-окутуучулук кызматтар балдарга көрсөтүлүүчү социалдык кызматтардын мамлекеттик минималдуу стандарттарына ылайык социалдык тейлөө мекемелеринде көрсөтүлөт.

## 13.Социалдык-медициналык кызматтар

40. Социалдык-медициналык кызматтар кийинкидей минималдык көлөмдөрдө жана формаларда көрсөтүлөт: кызматтарды алуучулардын өмүрүнө жана ден соолугуна коркунуч пайда кылган ыкчам кырдаалдар пайда болгон учурларда ыкчам (тез) медициналык жардам бригадасын чакыруу жана жакын туугандарын маалымдоо.

## 14.Материалдык жардам алууга көмөктөшүү

41. ЭСКМБнын кызматкери кызматтарды алуучуларга материалдык жардам алуу үчүн кайрылуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымдайт жана ага зарыл документтерди даярдоого көмөктөшөт.

42. ЭСКМБнын кызматкери үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга акчалай каражаттары, тамак-аш азыктары, кийим-кечек, бут кийимдер жана башка алгачкы зарыл болуучу предметтер түрүндө материалдык жардам көрсөтүү максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана социалдык тейлөө жаатындагы мамлекеттик эмес уюмдар менен кызматташтыкты орнотот жана бул уюмдар жөнүндө маалыматтарды кызматтарды алуучуларга берет.

## 15.Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү маалыматтык жана агартуучулук ишмердүүлүк

43. ЭСКМБ жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан үй-бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу чөйрөсүндө төмөнкү багыттар боюнча аймактык пландарды жана программаларды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга катышышат:

- калк арасында үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо боюнча мыйзамдар, үй-бүлөлүк зомбулуктун кесепеттери, жабыр тарткан адамдардын укуктары жана жардам көрсөтүү кызматтары жөнүндө маалыматтык-агартуучулук иштерди алып баруу;
- жарандардын, балдардын, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдардын маалыматтуулугун жогорулатуу;
- башка маалыматтык-агартуучулук иш-чаралар.

## 16.Ведомстволор аралык өз ара аракеттенүү

44. ЭСКМБ ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүгө катышат, анын тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилет.

45. ЭСКМБ ар бир аймакта үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга кызматтарды көрсөтүүчү мекемелердин/уюмдардын картасын/маалымдамасын чогултат жана актуалдуу абалда сактап турат (9-тиркемеге ылайык)

46. Кызматтарды алуучу үчүн АЖПда каралган комплекстүү жардам көрсөтүүнүн алкагындагы иш-чаралардын субьекттер тарабынан аткарылышы үчүн кайра багыттоону жана ведомстволор аралык өз ара аракеттенүүнү координациялайт. Муктаждыктарын баалоонун жыйынтыгы боюнча жабыр тарткан адамга 8-тиркемеге ылайык форма боюнча тиешелүү мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдында башкаруу органдарына жана жеке менчигинин формасынан көз карандысыз түрдө башка органдарга жана уюмдарга багыттама берилет.

47. Жабыр тарткан адамды багыттоо жөнүндө бланкы эки экземплярда толтурулат, алардын бирөөсү жабыр тарткан адамга берилет, экинчиси көрсөтүлгөн жардамдын жыйынтыктарын жана мөөнөтүн андан ары көзөмөлдөөнү ишке ашыруу үчүн Аймактык органдын кызматкеринде сакталат. Багыттоо жөнүндө бланкы жабыр тарткан адам кайра багытталган субъект тарабынан Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча Типтүү нускаманын талаптарына ылайык кириш документи катары каттоого жатат.

## 17.Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө отчеттуулук

48. ЭСКМБ ар квартал сайын, ар жыл сайын Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Социалдык коргоо департаментинин отчеттуулук формасына (10-тиркеме) ылайык отчёттук мезгилден кийинки айдын 5-күнүнө чейин отчёт берет.

49. Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Социалдык коргоо департаменти ар квартал сайын, ар жыл сайын отчёттук мезгилден кийинки айдын 5-күнүнө чейин Министрликке жыйынтыктоочу отчётту берет.

50. ЭСКММдин түзүмдүк бөлүмү ар жыл сайын 10-февралга чейин Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетине облустардын/райондордун бөлүнүшүндө жыйынтыктоочу отчетту берет.

## 18.Билимдер жана иш-билгиликтер

51. Социалдык камсыздоонун аймактык органдарынын адиси төмөнкү билимдерге жана иш-билгиликтерге ээ болуусу керек:

1) Билимдер:

- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндөгү улуттук мыйзамдар, эл аралык документтер жана стандарттар;
- үй-бүлөлүк зомбулук көйгөйүнүн өзгөчөлүгү, анын формалары, себептери жана зыяндары;
- үй-бүлөлүк зомбулукту аныктоо, алдын алуу жана таасир этүү усулдары.

2) Иш-билгиликтер:

- зомбулуктун жана басмырлоонун бардык формаларына чыдамкайсыздык (жынысы, улуту, жаш курагы, диний ишеними, үй-бүлөлүк макамы, дене бойлук же акыл-эстик өзгөчөлүктөрү, артыкчылыктары, жеке мүнөздөмөлөрү ж.б. боюнча);
- адамдардын жекече айырмачылыктарына баа бербеген мамиле, толеранттуулук жана ар бир адамдын укуктарын сыйлоо;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга жана потенциалдуу жабыр тартуучуларга консультация берүү көндүмдөрү.

3) Квалификацияларын жогорулатуу:

- адистештирилген онлайн-платформадан үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө мыйзамдар боюнча окутуу курсунан сертификат алуу менен милдеттүү түрдө өтүү;
- үй-бүлөлүк зомбулук боюнча аймактагы кырдаалга талдоо жүргүзүүнүн, конкреттүү/резонанстуу окуяларга талдоо жүргүзүүнүн, кабыл

алынган чаралардын натыйжалуулугуна талдоо жүргүзүүнүн ж.б. негизинде системалуу түрдө квалификацияны жогорулатып туруу.

## 19.Көрсөтүлгөн социалдык кызматтардын сапатын көзөмөлдөө

52. Көрсөтүлгөн социалдык кызматтардын жана жардамдардын сапатын, ошондой эле АЖПнын аткарылышынын сапатын көзөмөлдөөнү Аймактык органдын жетекчиси бекитилген ички эрежелерге ылайык жүргүзөт жана алар төмөнкүдөй болуп бөлүнөт:

а) ыкчам көзөмөлдөө (кызматтарды көрсөтүүнүн сапатына карата тиешелүү аныкталган көйгөйлүү фактылар жана даттануулар боюнча);

б) жыйынтыктоочу көзөмөлдөө (отчеттук жылдын жыйынтыктары боюнча ишмердүүлүккө талдоо жүргүзүү).

53. Социалдык кызматтарды көрсөтүү боюнча аныкталган кемчиликтерге кызматтык иликтөө жүргүзүү боюнча комиссия тарабынан тартиптик жаза чараларын чыгаруу (эгерде ушул минималдык стандарттардын талаптарын бузгандыгы боюнча күнөөсү аныкталса) жана аларды четтетүү чараларын көрүү менен талдоо жүргүзүлөт.

## 20. Социалдык кызматтарды көрсөтүүнү токтотуу үчүн негиздер

54. Социалдык кызматтарды көрсөтүү токтотулат:

1) кызматтарды алуучунун же анын мыйзамдуу өкүлүнүн жазуу жүзүндөгү арызы боюнча;

2) ЖРПнын аткарылышы системалуу түрдө бузулганда (үч жолудан көп);

3) ЖРПнын аткарылып аягына чыгарылганда.

**1-тиркеме**

## үй-бүлөлүк зомбулук фактысы боюнча жарандардын кайрылууларын эсепке алуу
## ЖУРНАЛЫ

______________________________________________________________________

(Органдын же уюмдун аталышы)

| № и/с | Кайрылуунун датасы жана убактысы | Үй-бүлөлүк зомбулук жөнүндө билдирүүнү берген орган/адам | Жеке кайрылуунун формасы (түз/телефон боюнча, анонимдүү) | Жабырлануучунун аты-жөнү (ФИО), туулган күнү, айы, жылы | Чыныгы жашаган дареги | Мыйзамдуу өкүлдөрү жөнүндө маалыматтар (балдарга, ДМЧА, майыптыгы бар адамдарга карата зомбулук жасалганда ата-энелери, камкорчулары, көзөмөлчүлөрү) | Атайын жардам көрсөтүү программасынын номуру | Көрсөтүлгөн жардамдын түрлөрү | Кайсы үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо субъекттерине кайра багытталган |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 8 | | 9 | 10 |

Эскертүү: журналдын барактары номурланган, жип менен түйүлгөн болот, мөөр жана уюмдун же мекеменин жетекчисинин колтамгасы менен бекитилиши керек.

**2-тиркеме**

Бланкы

**Аныкталган үй-бүлөлүк зомбулук окуясы жөнүндө ички иштер органдарына багыттама кабарлама**

Күнү, айы, жылы:_______________

Убактысы: ___________________

_______________________________________________________________

*(аймактык органдын аталышы)*

багыттайт

_______________________________________________________________

*(Жабыр тарткан адамдын аты-жөнү, атасынын аты)*

______________________________________________________________га

*(үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам багытталган субъекттин аталышы)*

Төмөнкү жардамды алуу үчүн:

_______________________________________________________________

_______________________________________________________________

_______________________________________________________________

*(зарыл болгон жардамдын кыскача сыпаттамасы)*

______________________________ ___________________

*(Аймактык органдын кызматкеринин аты-жөнү, атасынын аты)* *(кол тамгасы)*

______________________________ ___________________

*(Жабыр тарткан адамдын аты-жөнү, атасынын аты)* *(кол тамгасы)*

**3-тиркеме**

## Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамды суракка алууну жүргүзүү боюнча сунуштамалар

1. Зомбулук жөнүндө суроолорду берүүдө – демилгени өз колуңузга алыңыз, аял өзү айтып берет деп күтпөңүз. Бул ага (аялга) ал кабылган кырдаал үчүн сиз кесипкөйлүк жоопкерчиликти өзүңүзгө алып жатканыңызды көрсөтөт жана ишенимдүү мамиле түзүүгө жардам берет;

2. Жабыр тарткан адамга зомбулук жөнүндө үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүнүн, балдардын жана үчүнчү тараптардын катышуусунда суроо берүүгө тыюу салынат.

3. Чыдамкай болуңуз, эсиңизден чыгарбаңыз, кризистин шартында турган учурда аял зомбулук жасаган адамга карата карама-каршылыктуу сезимдерге ээ болушу мүмкүн. Эгерде жабыр тарткан адам зомбулук жөнүндө айтпаса, анда ага (аялга/эркекке) сизде эмнеден улам ал (аял/эркек) үй-бүлөлүк зомбулукка кабылып жатат деген ой пайда болгондугун айтыңыз.

4. Керексиз тыныгуулардан алыс болуңуз жана тактоо үчүн суроолорду ал (аял/эркек) өзү айтып берип жаткан нерселердин аяктагандан кийин бергиле.

5. Пассивдүү же комментарийсиз угуудан алыс болуңуз. Бул жабыр тарткан адамдарда сизди аларга ишенбей жатат деген ойдун, сиз дагы аларды күнөөлөп жатат деген ойдун пайда болушуна жана зомбулук жасаган адам туура кылган деп ойлоп жатат деп ойлоосуна түрткү болушу мүмкүн. Жабыр тарткан адамдын ой санааларына кунт коюп көңүл буруңуз жана алардын сезимдери акталат деп ишендириңиз.

6. Жабыр тарткан аял сүйлөп жаткан тилде сүйлөңүз. Зарылчылыкка жараша котормочу/сурдокотормочу чакырыңыз.

7. Тилди жана сөздөрдү жабыр тарткан адам түшүнө турган деңгээлге чейин ыңгайлаштырып жөнөкөйлөштүрүңүз, кесиптик лексиконду жана билдирүүлөрдү колдонуудан алыс болуңуз.

8. Суроолорду жана фразаларды жагымдуу жана таңуулабаган маанайда бериңиз, ага боорукердикти сездирген тонду колдонуңуз;

9. Ачык суроолорду колдонуңуз жана эрежеге ылайык жабыр тарткан адамды өзүн күнөөлүү сездирген «эмне үчүн» деп башталган суроолорду бергенден качыңыз.

10. «Эмне үчүн сиз аны менен калууну улантып жатасыз?», «Зомбулук болордон мурун, ага кандайдыр бир себеп бар беле?» деген сыяктуу суроолорду берүүдөн алыс болуңуз. Мунун ордуна жабыр тарткан адамдарды үй-бүлөлүк зомбулукка алар күнөөлүү эмес экендигине жана бул үчүн бир гана зомбулук жасаган адам жоопкерчиликтүү экенине ишендириңиз.

11. «Мен сизге карата ушундай болгонуна өкүнүп турам» же «Сиз чын эле көп нерсени башыңыздан өткөрдүңүз» деген сыяктуу жардамчы ырастоолорду колдонуңуз, буларды колдонуу аялдын көбүрөөк маалыматты ачыктап берүүсүнө түрткү берет.

12. Маалымат конфиденциалдуу бойдон сактала тургандыгын түшүндүрүңүз жана конфиденциалдуулукту сактоо үчүн бардык чектөөлөр сактала тургандыгын билдириңиз.

13. Маданий көз караштан орундуу деп саналган көзмө көз байланышууну колдонуңуз жана бардык көңүлдү жабыр тарткан адамга буруңуз. Сүйлөшүү процесси жүрүп жаткан учурда кагаз жумуштарына жана телефон менен сүйлөшүп алаксыбаңыз.

14. Өзүңүздүн дене боюңуздун тилине жоопкерчиликтүү мамиле кылыңыз. Сиз кандай абалда турасыз жана колуңуз жана башыңыз кандай абалда, сиздин жүзүңүздүн түрү жана сүйлөшүп жаткандагы үнүңүздүн тону кандай, – мунун баары аялга сиз кырдаалды кандай кабыл алып жаткандыгыңыздан кабар берет. Таңууланбаган эркин жана колдоочу мамиле көрсөтүңүз жана жабыр тарткан адамдардын айткандарын чын ишеним менен кабыл алыңызды билдириңиз аларга карата кыжырдануу, ишенбөө, жактырбоо же ачуулануу сыяктуу эмоцияларды көрсөтпөңүз.

15. Жабыр тарткан адамдардын жүрүм-турумун маданиятка же динге негиздеп сындабаңыз.

**4-тиркеме**

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын социалдык кызматтарды жана жардамдарды көрсөтүүгө карата муктаждыктарын аныктоо боюнча**
**Анкета**

**1. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТТАР**

______________________________________________________________
(жабыр тарткан адамдын аты-жөнү, атасынын аты)

______________________________________________________________
(чыныгы жашаган дареги)

______________________________________________________________
(телефону, электрондук дареги)

1.1. Жынысы (жынысын суроо бербей эле белгилеп койгула):

- аял
- эркек

1.2. Жаш курагы:

- 0-5 жаш
- 6-14 жаш
- 15-17 жаш
- 18-25 жаш
- 26-35 жаш
- 36-50 жаш
- 51-60 жаш
- 60 жаш жана андан өйдө

1.3. Үй-бүлөлүк зомбулук жасалган айы, күнү, жылы: ___________________
күн, ай, жыл

1.4. Үй-бүлөлүк зомбулуктун түрү:

- дене бойлук
- психологиялык
- экономикалык
- этибарсыз мамиле
- куугунтуктоо

1.5. Үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адам

- жолдошу (жубайы)

- ☐ ата-энеси
- ☐ балдары
- ☐ үй-бүлөнүн башка мүчөлөрү/үй-бүлө мүчөлөрүнө теңештирилген адамдар, белгилегиле

________________________________________________________________________

## 2.ҮЙ-БҮЛӨСҮНҮН КУРАМЫ

2.1. Үй-бүлө мүчөлөрүнүн саны _______

2.2. Үй-бүлөдөгү балдарынын саны _______, анын ичинде майыптыгы бар балдардын ______

2.3. Майыптыгы бар чоң адамдардын саны _______

## 3. НИКЕНИН ЖАНА ҮЙ-БҮЛӨНҮН МҮНӨЗДӨМӨСҮ

3.1. Нике:

- ☐ ЖААК катталган
- ☐ ЖААК катталган эмес
- ☐ мурда никеде турган эмес
- ☐ жесир (аял/эркек)

| 3.2. Үй-бүлө: | 3.3. Оор турмуштук абал, кайсы белгилегиле: |
|---|---|
| ☐ толук<br>☐ толук эмес<br>☐ көп балалуу<br>☐ камкордугунда, көзөмөлүндө балдары бар үй-бүлө<br>☐ аз камсыз болгон үй-бүлө<br>☐ аз кирешелүү үй-бүлө<br>☐ эмгек мигранттары<br>☐ башка (белгиле) ___________ | ☐ асоциалдык (алкоголизм, наркомания)<br>☐ балдардын кароосуз калуусу<br>☐ үй-бүлөдөгү өнөкөт оорулар<br>☐ майыптыгы бар адамдардын бар болуусу<br>☐ турак-жай шарттарынын начар болуусу<br>☐ жумушсуздар |

3.4. Балдары бар:

1) Жынысы ☐ кыз ☐ эркек жаш курагы ☐ 1-7 ☐8-14 ☐15-17 жашта
2) Жынысы ☐ кыз ☐ эркек жаш курагы ☐ 1-7 ☐8-14 ☐15-17 жашта
3) Жынысы ☐ кыз ☐ эркек жаш курагы ☐ 1-7 ☐8-14 ☐15-17 жашта

## 4. БИЛИМИ ЖАНА ИШ МЕНЕН КАМСЫЗ БОЛУУ

4.1. Билими:

-  Ортодон төмөн
-  Жалпы орто (9-кл.)
-  Жалпы толук (11-кл.)
-  Башталгыч жана орто кесиптик (КЛ/КОЖ)
-  Жогорку кесиптик

4.2. Иш менен камсыз болуу:

-  Иштейт
-  Иштебейт
-  Пенсионер
-  Майыптыгы бар
-  Жумушсуз (аял/эркек) макамына ээ
-  3 жашка чейинки баланы багуу боюнча өргүүдө
-  Башка, белгилегиле ________________________________________________

## 5. СОЦИАЛДЫК КЫЗМАТТАРДЫ ЖАНА ЖАРДАМДАРДЫ КӨРСӨТҮҮГӨ КАРАТА МУКТАЖДЫГЫ

5.1. Сизде материалдык жардам алууга карата муктаждык барбы?

-  Ооба
-  Жок

5.2. Сизде консультациялык жардам алууга карата муктаждык барбы?

-  Ооба, консультация алуу чөйрөсүн белгилеңиз_______________________________
-  Жок

5.3. Сизде белгилүү бир убакытка чейин жашап тура ала турган коопсуз жай барбы? Мисалы, ата-энеңиз, туугандар, достор?

-  Ооба, белгилегиле __________________________________
-  Жок

5.4. Сиз аялдар үчүн кризистик борбордо коопсуздукта убактылуу жашап туруууга муктажсызбы?

-  Ооба, белгилегиле __________________________________
-  Жок

5.5. Сизде социалдык-укуктук кызмат көрсөтүүлөргө карата муктаждык барбы?

-  Ооба, белгилегиле __________________________________
-  Жок

5.6. Сизде психологиялык кызмат көрсөтүүлөргө карата муктаждык барбы?

-  Ооба, белгилегиле __________________________________
-  Жок

5.7. Сизде медициналык кызмат көрсөтүүлөргө карата муктаждык барбы?

- ☐ Ооба, белгилегиле ___________________________________
- ☐ Жок

5.8. Сиздин балдарыңыздын психологиялык-окутуучулук кызмат көрсөтүүлөргө карата муктаждыктары барбы?

- ☐ Ооба, белгилегиле ___________________________________
- ☐ Жок

5.9. Сизде социалдык-эмгектик кызмат көрсөтүүлөргө карата муктаждык барбы?

- ☐ ишке орношууга
- ☐ кесиптик даярдоого, кайра даярдоого, квалификацияны жогорулатууга
- ☐ жок

5.10. Сиздин үй-бүлөңүздүн мүчөлөрүнүн арасында ишке орноштурууга, кесиптик даярдыктан, кайра даярдоодон өтүүгө, квалификацияны жогорулатууга карата муктаждыктар барбы?

| | |
|---|---|
| 5.10.1. Жолдошум (жубайым)/ өнөктөшүм(аял/эркек) | ☐ ишке орноштурууга<br>☐ кесиптик даярдыктан, кайра даярдыктан, квалификацияны жогорулатуудан өтүүгө<br>☐ жок |
| 5.10.2. Үй-бүлөнүн башка мүчөлөрүн, белгилегиле_____________ | ☐ ишке орноштурууга<br>☐ кесиптик даярдыктан, кайра даярдыктан, квалификацияны жогорулатуудан өтүүгө<br>☐ жок |

5.11. Кошумча маалыматтар үчүн:

_________________________________________________________________________________
_________________________________________________________________________________
_________________________________________________________________________________
_________________________________________________________________________________

**5-тиркеме**

Форма

ЭСКМБ башчысына _______________
Аты-жөнү, атасынын аты

кимден___________________
Аты-жөнү, атасынын аты

Социалдык кызматтарды жана жардамдарды алуу үчүн
арыз

Мен, _____________________________________________________________,
(үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын аты-жөнү, атасынын аты. Толугу менен көрсөткүлө)

__________________________________________дареги боюнча катталган

ИНН___________________ паспорт №________берилди ________________

күнү ___________________________ тарабынан

Мага карата үй-бүлөлүк зомбулук жасалуусунан улам келип чыккан, жана дагы менин муктаждыктарымдан улам иштелип чыга турган оор турмуштук кырдаалдан чыгуу боюнча атайын жардам берүү программасын иштеп чыгууну суранам.

Өзүм тараптан атайын жардам берүү программасын жана жумуштарды ишке ашырууга активдүү катышууга, ал эми социалдык кызматтарды жана жардамдарды алуудан баш тартуу жөнүндө ЭСКМБ ыйгарым укуктуу кызматкерине кабарлоого даяр экенимди билдирем.

Колу__________
Күнү, айы, жылы_____________

**6-тиркеме**

Форма

**Атайын жардам берүү программасы №___________**

Күнү, айы, жылы _______________

Социалдык кызматтарды жана жардамдарды алуучунун аты-жөнү

_________________________________________________________________

| № | Кызматтарды алуучунун көйгөйү | Кызматтын түрү | Максат (күтүлүүчү жыйынтык) | Кызмат көрсөтүү күнү, айы, жылы/же мезгилдүүлүгү | Кызматты алуу үчүн каякка жиберилди | Кызмат көрсөтүлгөндүгү ж-дө белги | Сунуштамалар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 9 |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |

Атайын жардам берүү программасын түздү

_________________________________________________________________

(Кызматкердин аты-жөнү, атасынын аты, ээлеген кызматы, кол тамгасы)

«___» _____________ 20__ -жыл

Атайын жардам берүү программасы менен макулмун (аял/эркек)

_________________________________________________________________

(Кызматтарды алуучунун аты-жөнү, атасынын аты)

«___» _____________ 20__ -жыл

**7-тиркеме**

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдардын укуктары жөнүндө консультациялык кызматтарды көрсөтүү боюнча**

**Эскертме**

Кыргыз Республикасынын 2017-жылдын 27-апрелиндеги № 63 «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Мыйзамы зомбулуктан жабыр тарткан адамга кийинки укуктарды берет:

- өз компетенциясынын чегинде мамлекеттик органдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынан жана үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу башка субъекттерден кечиктирилгис укуктук, социалдык, медициналык, психологиялык жардам алууга жана үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоого;
- үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттер тарабынан алардын компетенциясынын чегинде коргоого жана коопсуздукту камсыз кылууга;
- убактылуу коргоо ордерин алууга;

**Убактылуу коргоо ордери** - үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тартуучуга мамлекеттик коргоо берүүчү жана үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга карата ушул Мыйзамда аныкталган таасир этүү чараларын колдонууга алып келүүчү документ (Мыйзамдын 1-бер. 3-п.).

Убактылуу коргоо ордери милдеттүү түрдө үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын жашаган жери боюнча ички иштер органы тарабынан отуз күндүк мөөнөткө берилет. Убактылуу коргоо ордери үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан ар бир адамга карата өзүнчө берилет. Үй-бүлөлүк зомбулукту жасаган адам убактылуу коргоо ордеринин шарттары жана анын аткарбоонун кесепеттери менен кол койдуруу аркылуу таанышат. Мыйзам ички иштер органдарынын кызматкери үчүн Убактылуу коргоо ордерин үй-бүлөлүк зомбулукту жасаган адамдын жеке өзүнө тапшыруу мүмкүн болбогон учурда, ага билдирүүнүн бир катар мүмкүнчүлүктөрүн караштырат.

Эгерде үй-бүлөлүк зомбулуктан бала жабыркаса, убактылуу коргоо ордери алардын мыйзамдуу өкүлүнө же болбосо балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмүнө, же болбосо ички иштер органынын жашы жете электердин иштери боюнча кызматкерине берилет.

Эгерде үй-бүлөлүк зомбулуктан сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган адам жабыр тартса, убактылуу коргоо ордери алардын мыйзамдуу өкүлүнө же болбосо социалдык өнүктүрүү органынын аймактык бөлүмүнө берилет.

Эгерде үй-бүлөлүк зомбулуктан ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адам жабыркаса, убактылуу коргоо ордери алардын жеке өзүнө берилет, ал эми аны өз алдынча алуу мүмкүнчүлүгү болбогондо, аймактык социалдык өнүктүрүү органына берилет.

Убактылуу коргоо ордери бир эле учурда төмөнкүдөй шарттарды карайт:

1) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам менен, ошондой эле үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын баласы/балдары же үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдын баласы/балдары менен түз жана кыйыр байланышка тыюу салуу;

2) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адам менен бирге жашаган (турган) жерде болууга тыюу салуу;

3) үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамды, эгерде ал үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга белгисиз жерде болсо, аны жеке өзү же үчүнчү адамдар аркылуу издөөгө, куугунтуктоого тыюу салуу;

4) үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамдын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети бекиткен типтүү оңдоп-түзөөчү программага ылайык зомбулук жүрүм-турумун өзгөртүү боюнча оңдоп-түзөөчү программадан өтүү милдетин.

Үй-бүлөлүк зомбулук жасоо Укук бузуулар жөнүндө кодекске ылайык 40 саатка коомдук иштерге тартууга, же болбосо үчтөн жети суткага чейин камакка алууну колдонууга алып келет, ал эми Кылмыш-жаза кодексине ылайык кырктан жүз саатка чейинки коомдук иштерге тартууга, же болбосо эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар менен иштөөдө үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттерге белгилүү болуп калган жеке мүнөздөгү маалыматтын купуялуулугуна;

- мүмкүнчүлүк бар болгондо жардам көрсөтүүчү адисти тандоого;

- мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө мыйзамдарга ылайык мамлекет тарабынан кепилденген консультациялык-укуктук жана квалификациялуу юридикалык жардам алууга;

- үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдар менен иштөөдө үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттерге белгилүү болуп калган жеке мүнөздөгү маалыматтын купуялуулугуна (балдарга жана аракетке жөндөмсүз деп таанылган адамдарга жайылтылбайт);

- зомбулукту, кыйноолорду жана башка ырайымсыз, адамгерчиликсиз же адамдын кадыр-баркын басмырлаган мамиленин жана жазанын түрлөрүн медициналык документтештирүү Эрежелерине ылайык 003-3у формасы

боюнча медициналык кароо жүргүзүү жана зомбулуктун издерин документтештирүү мүмкүнчүлүгүнө;

- үй-бүлөлүк зомбулук менен байланыштуу иштер боюнча жана үй-бүлөлүк зомбулук жасаган адамга карата мүмкүн болуучу талаптар менен сотко кайрылуу укугуна.

**8-тиркеме**

Бланкы

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамга жардам алуу үчүн

**БАГЫТТАМА**

*(2 нускада толтурулат: бирөө жабыр тарткан адамга берилет, экинчиси аймактык органдын кызматкеринде калат)*

**Күнү, айы, жылы: ______________________**

[күнү, айы, жылы]

**Кимге: ___________________________________________________________**

[Жабыр тарткан адам жөнөтүлүп жаткан уюмдун, мекеменин аталышы]

**Кимден:__________________________________________________________**

[ЭСКМБ аталышы, багыттоо жиберип жаткан адамдын аты-жөнү жана кызматы]

**Ушул кат аркылуу** [жабыркаган адамдын аты-жөнү], [туулган жылы], [дареги көрсөтүлөт__дареги боюнча жашоочу (аял/эркек), [үй-бүлөлүк зомбулуктун түрү] боюнча [жардамдын түрүн көрсөтүү: медициналык, психологиялык, юридикалык, социалдык] жардам алуу үчүн [мекеменин атын көрсөтүү] багытталат.

Багыттоонун себеби: ____________________________________________
___________________________________________________________________
___________________________________________________________________
___________________________________________________________________

[кырдаалдын кыскача сыпаттамасы, мисалы: катталган зомбулук фактыларынын бар болушу, өмүрүнө жана ден соолугуна коркунучтардын келтирилиши, убактылуу баш калкалоочу жайдын зарылчылыгы ж.б.].

**Багыттаган адамдын/уюмдун байланыш түйүндөрү:**

___________________________________________________

[Аты-жөнү, атасынын аты, телефону, дареги электрондук почтасы]

**Кол тамгасы: ___________**

[Аты-жөнү, атасынын аты, кызматы, мөөрү (эгерде талап кылынса)]

**Датасы:** [күнү, айы, жылы]

**9-тиркеме**

**Кызматтарды жеткирүүчүлөрдүн картасы жана
үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан адамдарга жардам көрсөтүү**

| Уюмдун /мекеменин аталышы | Иштөө күндөрү | Иштөө сааттары | Дареги | Телефону | Көрсөтүлүүчү жардамдын түрлөрү | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | |

**10-тиркеме**

**ЭСКММдин үй-бүлөлүк зомбулукту координациялоо жана коргоо чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгү жөнүндө отчет**

Кварталдын номуру_________ Жылы________

---

Аймактык бөлүмдүн аталышы

1-бөлүм.Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткан, социалдык жардам алган адамдар жөнүндө маалыматтар